**«Элкарт Бизнес» төлөм карталары боюнча улуттук корпоративдик карта боюнча кызмат көрсөтүү**
# ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Аталган Эрежелер «РСК Банк» ААКда (мындан ары – Банк) «Элкарт Бизнес» локалдык төлөм карталарын (мындан ары – Төлөм Карта) чыгаруу жана тейлөө тартиптерин, Төлөм карталарын пайдалануу менен операциялар аткарыла турган банктык эсептерди ачууну жана жүргүзүүнү, Төлөм карталарын алган юридикалык жактарды тейлөө шарттарын, ошондой эле Төлөм карталарын пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү тартиптерин аныктайт.

1.2. Аталган Эрежелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларына, Төлөм системасынын эрежелерине жана нускамаларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Аталган Эрежелер бардык Карта ээлери үчүн жалпы (типтүү) болуп саналат жана «Элкарт Бизнес» улуттук төлөм картаны чыгаруу аркылуу Банк менен юридикалык жактын ортосунда түзүлүүчү корпоративдик карта-эсепти тейлөө келишиминин (мындан ары - Келишим) жоболорун жана шарттарын аныктайт.

1.4. Келишим Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 387-статьясына ылайык, юридикалык жакты аталган Эрежелерге камтуу жолу менен түзүлөт. Келишим түзүүнүн максатында юридикалык жак Банк бекиткен форма боюнча Төлөм карта алууга Арыз жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Банктын ички документтеринин талаптарына ылайык документтерди берет.

1.5. Карта ээси ушул Эрежелерге камтылуу менен аталган Эрежелерде каралган бардык милдеттенмелерди өзүнө кабыл алат.

1.6. Корпоративдик карта-эсеби боюнча акча-валюта: Кыргыз сому

1.7. Банк Келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде Карта ээси коротпой турган корпоративдик карта-эсептеги акча каражаттарынын (азайбаган калдык) минималдуу өлчөмүн бекитүүгө укуктуу. Азайбаган калдыктын өлчөмү Банктын Тарифтери менен каралат.

1.8. Банктын аталган Эрежелери жана Тарифтери www.rsk.kg расмий веб-сайтына жана Карта ээлерин тейлеген Банктын бөлүмдөрүнүн маалыматтык такталарына жайгаштырылат.

1.9. Төлөм системасы аркылуу жана Процессинг борборунан Банк алган Операциялар реестри жана башка документтер Кардардын Карта операцияларын тастыктаган расмий документ болуп санала тургандыгына Тараптар макул болушту.

1.10. Карта операциялары боюнча көрсөтүлгөн Банктын тейлөөсүнө комиссия Банктын ошол датада колдонулуп жаткан Тарифтери боюнча алынат.

1.11. Карта ээси «РСК Банк» ААК системасында ачылган Карта ээсинин кайсы болбосун банктык эсептеринен карта-эсебиндеги акча каражаттарды акцептсиз алуу ыйгарым укугун Банкка берет.

1.12. Корпоративдик карта-эсебине келип түшүүчү акча каражаттары карыздын жалпы суммасын төлөө үчүн Банк тарабынан төмөндөгүдөй кезекке ылайык учурдагы датага жиберилет:

- ушул Эрежелердин шарттарына ылайык, Банктын комиссиясы, төмөндөбөгөн калдыктын суммасын толуктоо, карта операцияларынын суммасын калыбына келтирүү, ошондой эле Карта ээсинин Банктын алдында жабылбаган башка карыздары);

- Техникалык Овердрафт;

- Карта ээси же Кошумча Карта ээси аталган Эрежелердин шарттарын бузган жана Картаны үчүнчү жакка берген жана жана ПИН-кодду айткан учурда жүргүзүлгөн төлөмдөр үчүн;

- Жүргүзүлгөн Карта операциялары, ошондой эле Картаны, анын аналогун же Картанын реквизиттерин пайдалануу менен үчүнчү жактын жүргүзгөн карта операциялары үчүн;

- Карта ээсинин Банктын алдындагы башка милдеттенмелери.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

2.1. **Авторизация** – карта ээсинин операцияларды жүргүзүүгө ыйгарым укуктарын же авторлугун эмитент тарабынан тастыктоо жол-жобосу, анын жыйынтыгында эмитенттин эквайердин алдында жогоруда аталган

эмитенттин картасын пайдалануу менен түзүлгөн эсептешүү документин аткарууга милдеттенмеси келип чыгат. Авторизация автоматташтырылган (терминал аркылуу) жана үн (телефон аркылуу) коштолуу менен болушу мүмкүн. Эгерде эмитент менен эквайер банктык төлөм картасын пайдалануу менен жүргүзүлүүчү операция боюнча ошол эле бир жак болсо, анда авторизация бул операцияны аяктоо үчүн эмитент тарабынан кардарга берилген уруксат болуп саналат.

2.2. **Авторизация лимити** – банктык төлөм картаны пайдалануу менен операция жүргүзүү үчүн банктык төлөм карта ээсине жеткиликтүү акча каражаттардын чектелген суммасы.

2.3. **Карта ээси (Картаны пайдаланып жаткан)** – Банк тарабынан ага таандык негизги жана/же кошумча карта чыгарылган юридикалык жак. Негизги карта ээси кошумча карта ага чыгарылышы мүмкүн болгон эсептин ээси болуп саналышы мүмкүн. Кошумча карта ээси эсептин ээси болуп саналбайт.

2.4. **Негизги карта** – соода жана тейлөө борборлорунун товарларына же тейлөөсүнө нак эмес төлөө, акча которуу, нак акча алуу, ошондой эле аталган Эрежелер менен каралган башка операцияларды жүргүзүү үчүн Карта ээси колдонгон **ЭЛКАРТ** банктык төлөм карта. Карта Кардарга ушул Эрежелердин шарттарына ылайык берилет. Эгерде анын ээси банктык эсептин ээси болсо, карта негизги болуп саналат.

2.5. **Кошумча Карта** – Негизги карта ээсинин арызынын негизинде Негизги картага кошумча берилген банктык төлөм карта. Кошумча Карта Негизги карта ээсинин өкүлүнүн атына чыгарылышы мүмкүн. Эгерде банктык эсептин ээси ишенимдүү адамга эмитент менен банктык эсептин ээсинин ортосундагы келишимде белгиленген сумманын чегинде жана шарттарда анын банктык эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүгө ыйгарым укук берсе, карта кошумча болуп саналат.

2.6. **Арыз** – Кардар тарабынан кол коюлган, **ЭЛКАРТ** банктык төлөм картасын алууга/ кайра чыгарууга же төлөм карта системасында корпоративдик карта эсебин ачууга жазган Кардардын арызы.

2.7. **Карта-эсеби** – Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана аталган Эрежелерге ылайык, карта боюнча акча каражаттарын жүгүртүү жана транзакцияларды жүргүзүү үчүн Банк тарабынан Кардарга ачылуучу Банктык эсеп (корпоративдик карта эсеби).

2.8. **Картага бөгөт коюу** – карта менен операцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн токтоткон же убактылуу токтоткон Банктын көргөн чаралары (акыркы учурда аны колдонууда (банкоматтарга картаны киргизүүдө) Системадан картаны алып коюу каралат);

2.9.**Маалымат көчүрмө кагазы (выписка)** – аталган Эрежелердин шарттарын эске алуу менен, Карта ээсинин суроо-талабы боюнча Банк тарабынан таризделүүчү жана Карта ээсинин суроо-талабында белгиленген мезгилде карта-эсеп боюнча жүргүзүлгөн операцияларды чагылдыруучу Карта-эсеп боюнча билдирүү кагазы.

2.10. **Код сөзү** – телефон аркылуу Кардарды идентификациялоо үчүн Тараптар колдонгон, картаны алуу арызында же Кардардын Банкка берген башка документтеринде көрсөтүлгөн жана Кардар тандаган, тамга-сандан турган топтом.

2.11. **PIN-код** – операцияларын жүргүзүүдө пайдалануучуну аутинтификациялоочу жеке идентификациялык номер. PIN-код Карта ээсине гана белгилүү жана бир гана жолу карта менен бирге берилет.

2.12. **Пин-конверт** – PIN-код жазылган кагаз салынган, Карта ээсине берилүүчү, атайын чапталып бекитилген конверт.

2.13. **POS-терминал** - картаны жана башка каражаттарды аралыктан пайдалануу менен соода-тейлөө ишканаларында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн терминал.

2.14. **Операциялардын реестри** – Системада Кардар тарабынан жүргүзүлгөн карта операцияларынын тизмеси. Операциялардын реестринде жүргүзүлгөн карта операцияларынын (сатып алуу, нак алуу, акча каражаттарын кайтаруу) суммасы карта- эсебинде акча бирдигинде (валютада) көрсөтүлөт;

2.15. **Банкомат** – картаны жана башка каражаттарды аралыктан пайдалануу менен нак акча берүү жана/же кабыл алуу, аткарылган транзакциялар жана башка операцияларды аткаруу боюнча маалымат алууга багытталган аппараттык- программалык комплекс.

2.16. **Банктык күн** – ишемби, жекшемби жана Кыргыз Республикасында расмий жарыяланган майрам күндөрүнөн башка иш күндөрү - Банктык жумуш күн.

2.17.**Контактсыз төлөм** – бул зымсыз маалыматтарды берүү технологиясын (NFC (Near field communication) же башка) колдонуу менен периферриялык түзүлмө (аппарат) тарабынан жакын аралыкта картадан же аралыктан тейлөөнүн башка каражатынан маалыматты окуу аркылуу ишке ашырылуучу транзакция.

2.18. **Картанын жарактуу мөөнөтү** – тейлөө пункттарында операция жүргүзүүгө картаны пайдалана турган мезгил. Карта 3 жылдан кем болбогон

мөөнөткө чыгарылат. Жарактуу мөөнөтү өткөн Карта Кардар Банка арыз менен жеке кайрылганда кайра чыгарылат.

2.19. **Төлөм системасы (мындан ары - Система)** – “ЭЛКАРТ” улуттук төлөм системасы, аталган системанын ички эрежерине ылайык, ЭЛКАРТ төлөм карталарын пайдалануу менен төлөм жүргүзүүнү камсыздоочу программалык-техникалык каражаттардын, документтердин жана уюштуруу-техникалык иш-чаралардын топтому. "ЭЛКАРТ" улуттук төлөм системасы Системанын мүчөлөрүнүн ортосунда тиешелүү валюта конверсиясы менен Карта операциялары боюнча иштөө эрежелерин белгилейт жана клирингдик эсептешүүлөрдү жүргүзөт.

2.20. **Процессинг борбору** – процессинди жүзөгө ашыруучу юридикалык жак.

2.21. **Төлөм картанын реквизиттери** – төлөм картанын оң жана тескери бетинде, ошондой эле төлөм картанын магниттик тилкесинде жана чибинде (чип) жазылган белгилердин жана сандардын жыйындысы.

2.22. **Техникалык Овердрафт** – кардардан көз карандысыз себептерден пайда болгон овердрафт (мисалы, курстук айырма).

2.23. **Банктын Терминалдык тармагы** – Төлөм системасы боюнча маалыматтарды иштеп чыгуу, берүү, нак эмес операцияларды жүргүзүү же карталар боюнча маалыматтарды алуу үчүн багытталган Банктын каражаттарынын (аппарат) жыйындысы.

2.24. **Контактсыз төлөмгө лимит** – Карта ээсине PIN- кодду жазбастан банктык карталарды колдонуу менен контактсыз төлөм жүргүзүү үчүн акча каражаттарынын Банк тарабынан белгиленген сумма чеги же PIN-кодду жазбастан контактсыз төлөм жүргүзүү үчүн үчүнчү жак тарабынан белгиленүүчү сумма чеги.

## 3. Карта-эсебин ачуу, Картаны берүү жана сактоо тартиптери

3.1. Карта-эсебин ачуу үчүн Кардар белгиленген формадагы Арызды толтуруп, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Банктын ички документтеринин талаптарына ылайык документтерди Банктын кароосуна берет.

3.2. Банк Арыздын жана тиешелүү документтердин негизинде, Банктын тарифтерине ылайык, ага төмөндөбөгөн калдыкты (муктаждыкка жараша) калтыруу менен Кардардын атына корпоративдик карта-эсебин ачат жана Карта ээсинин атына Картаны даярдап, чыгарып берет.

3.3. Карта Банктын менчиги болуп саналат. Аталган Эрежелердин шарттарына, 2005-жылдын 9-сентябрындагы №420/21/4 Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр тууралуу жобого ылайык, Картаны жана PIN-кодду колдонуу, коопсуз сактоо үчүн Карта ээси жоопту болот.

3.4. Даярдалган Картаны Банк Кардарга же Кардардын ишеним катынын негизинде аракеттенүүчү анын ишенимдүү адамына берет. Картаны алууда, Картанын тескери бетиндеги атайын каралган жерге Кардар дал өзү же Кардардын ишенимдүү адамы кол тамга коет.

**3.5.** Картаны башка жактарга колдонушу үчүн же күрөө катары берүүгө тыюу салынат.

**3.6.** Картаны жагымсыз факторлордун таасирине дуушар болуусуна жол берилбейт: электромагниттик тилкенин (магниттелген же магнити бар буюмдар, мисалы ачкыч, сумкалардын магниттик кулпулары, дисплейлер менен жакын туруусу), механикалык залаканын (чийилүү, кирдетүү, ысытуу (мисалы, күндүн нуру) ж.б.), магниттик тилкедеги жана чиптеги жазуунун механикалык урунуунун, б.а. алар автоматтык режимде операция жүргүзүүнүн мүмкүн эместигине алып келүү. Картаны колдонууда күчкө салуунун кереги жок.

**3.7.** Авторизациялоонун автоматтык режиминде жүргүзүлгөн жана PIN-кодду жазуу менен тастыкалуучу карта операцияларын Банк Карта ээси жүргүздү деп эсептейт.

3.8. Карта ээсине Картаны берүүдө атайын конвертте катылган PIN-код берилет. Конвертти алгандан кийин дароо ачып, PIN-кодду эстеп калып, конвертти жок кылуу сунуш кылынат. PIN-код Банктын кызматкерлерине белгилүү болбойт жана Картаны колдонуп жаткан бардык мезгилде Карта ээси аны жашыруун сакташы керек.

**PIN-коддун купуялыгын камсыздоо үчүн белгиленген эрежелерди сактоо керек:**

- Карта ээси PIN-кодду кайсы-бир жерге жазып койгон болсо, анда Картаны жана ошол жазууну эки бөлөк сакташы керек;

- электрондук аппараттын клавиатурасында PIN-кодду жазып жатканда кимдир-бирөөнүн сандардын тутумун көрүп калуусуна мүмкүнчүлүк бербөө;

- PIN-кодду картанын өзүнө жазбоо зарыл. PIN-кодду Картага жазууга байланышкан доомattар каралбайт.

**Кардардын/Карта ээсинин карта номери жана/ же PIN-коду тууралуу маалыматты айтуунун натыйжасындагы операциялар үчүн Банк жоопкерчиликтүү болбойт.**

**3.9** PIN-код терилгенде сандар электрондук аппараттын дисплейинде атайын көрүнбөйт жана алардын ордуна шарттуу белгилер көрүнөт. Катага жол бербөө маанилүү. Үч жолу катарынан туура эмес PIN-код терилсе (ар кандай убакыт аралыкта бир же ар кандай электрондук жабдыктарды колдонуу менен) төртүнчүсүндө дагы ката кетирилсе Банк Картаны кулпулайт-бөгөттөйт, карта банкоматта кармалат, мында, жагдай териштирилгенге чейин Тейлөө ишканасы же пункту тарабынан алынып коюлушу мүмкүн.

## 4. Төлөм Картаны колдонуу.

4.1. Банк Картаны тейлөөнү, аны түз көзөмөлдөө менен системанын жана электрондук жабдыктын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздайт жана Банктан көз каранды болбогон себептерден улам иштебей калган учурда аны калыбына келтирүү үчүн бардык чараларды көрөт.

4.2. ЭЛКАРТ Карталарын тейлөөчү бардык соода-тейлөө ишканалары (СТИ) жана нак акча берүү пункттары (НБП) Карта ээлерине Карта тейлөө мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымдоо үчүн **ЭЛКАРТ** Улуттук Төлөм Системасынын логотиптери менен жабдылат. Карта ээси Карта операцияларын жүргүзүү үчүн СТИ же НБП кассирлерине Картаны көрсөтөт же банкоматта өз алдынча тейлөө режиминде тейленет.

4.3. Кассир Картаны алып, Карта операцияларын авторизациялоо үчүн Авторизация борборуна суроо-талап жиберет. Кассир Авторизацияны электрондук терминал аркылуу жүргүзөт. Кассир Картаны терминалдын эсептөө жабдыгына салып, операция суммасын терип жазат жана Карта ээсине атайын клавиатурада PIN-кодду терип жазуу менен операцияны тастыктоону сунуштайт. Суроо-талап байланыш каналдары аркылуу Банкка келип түшөт. Карта ээси PIN-кодду туура терип жана эсепте жетиштүү каражат болгон учурда жүргүзүлгөн операцияны тастыктаган эки нускадагы чек басылып чыгат. Кассир Карта ээсине чектин бир нускасын берет. Карта ээси чектеги көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгын текшерет. Кабыл алынган технологияга жараша, бул чек Карта ээсинин жана кассирдин кол тамгалары менен күбөлөндүрүлөт. Кассир Кардардан инсандыгын тастыктаган документти талап кылууга укуктуу. Документи жок болсо ал Карта ээсинин карта операцияларын жүргүзүүдөн кассир баш тартууга укуктуу.

4.4. Өз алдынча тейлөө режимин пайдаланып Банкоматтан Карта ээси нак акча алат. Банкомат аркылуу Карта операциясын жүргүзгөндөн жана банкнотторду алгандан кийин чек чыгарылат. Карта ээсинин маалыматтарын купуя сактоо

үчүн чекти өзү менен кошо алып кетүү жана банкоматтын жанында калтырбоо сунушталат.

4.5. Банкомат менен иштөөдө Карта ээси берүү жабдыгынан картаны же берилген акча каражаттарды 20-40 секунддун ичинде албаса, Карта ээсинин акчаларын сактоо максатында коргоо системасы иштей тургандыгын жана карта же акча каражаттары банкоматтын ичине тартылып, атайын бөлүктө кармала тургандыгын эске тутуу зарыл. Бул учурда Картанын кармалуу себептерин тактагандан жана Банк менен консультациядан кийин, бул банкоматты тейлеген жергиликтүү банк - Системанын катышуучусу (мындан ары – жергиликтүү банк) аркылуу карта өз Ээсине кайтарылып берилет, ал эми банкомат кайрадан инкассацияланганда жана Карта ээси тарабынан алынбаган нак акчанын суммасы такталгандан кийин, авторизация фактысы менен Карта ээсинин карта-эсеби боюнча операциянын алынуучу суммасын (же анын алынбаган бөлүгүн) калыбына келтирүү жүргүзүлөт. Карта ээси бул банкоматты тейлеген жергиликтүү банк менен сүйлөшүү үчүн Банкка кайрыла алат.

4.6. Банктын жабдууларында Карта жана/же акча каражаттары кармалып калган учурда Банктын бөлүмдөрү тарабынан изилдөө жүргүзүлгөндөн кийин Карта жана/же акча каражаттары кардарга Карта жана/же акча каражаттарын кайтарып берүү тууралуу Карта ээси арыз бергенден кийинки 10 банктык күндөн кечиктирилбестен кайтарылып берилет.

4.7. Картанын ээси Карта операцияларын карта эсебинин валютасынан башка валютада жүргүзгөн учурда Банк тарабынан сумма автоматтык түрдө Банктын коммерциялык курсу боюнча конвертацияланат. Ошол эле учурда, операцияны жүргүзүү учурундагы алмашуу курсу Банктын системасында аны иштетүү учурундагы алмашуу курсунан айырмаланышы мүмкүн, бул операцияны жүргүзүү учурунда төлөм картасы боюнча калдыктын азайган/көбөйгөн суммасы менен Банктын системасында операцияларды иргеп иштетүү учурунда карта эсебинен эсептен иш жүзүндө чыгарылган/карта эсебине чегерилген сумманын ортосундагы айырмага алып келиши мүмкүн. Ал эми курстук айырма, эгерде келип чыкса, Банктын системасында операцияларды иргеп иштетүү учурунда карта эсебинен эсептен чыгарылат/карта эсебине чегерилет. Акча каражаттарын эсептен чыгарып салуу/карт эсебине чегерүү Карта операциясы (авторизациясы) аяктагандан кийинки 2-30 күндүн ичинде акча каражаттарын эсептен чыгаруу/ эсепке чегерүү күнү колдонууда болгон Банктын коммерциялык курсу боюнча ишке ашырылат.

## 5. Картага бөгөт коюу

**5.1. Карта жоголгон же уурдалган учурда «РСК БАНК» ААКна Карта ээлерин колдоо борборуна тезинен жазуу же оозеки түрдө Картага**

**Бөгөт коюу талабы менен кайрылуу керек. Талапта Карта ээсинин юридикалык жагынын аты-жөнү же аталышы, анын өкүлүнүн аты-жөнү көрсөтүлөт жана мүмкүнчүлүккө жараша, кошумча маалыматтар белгиленет: туулган жылы, Картанын номери жана жарактуу мөөнөтү, картага бөгөт коюунун себептери. «РСК БАНК» ААКнун Карта ээлерин колдоо борборунун дареги жана телефону: Бишкек ш., Жаш Гвардия бульвары 38а, тел. +996(312) 65-03-85.**

5.2. Картага бөгөт коюу тууралуу оозеки талап Код сөзүн көрсөтүү менен, ошондой эле, оозеки билдирүүдөн кийинки 2 банктык күндүн ичинде Банктын тиешелүү филиалына берилүүчү Карта ээсинин жазылган арызы менен тастыкталууга тийиш. Карта ээсинин чет өлкөдө болгондугуна же башка себептерге байланыштуу белгиленген мөөнөттө Банкка келе албаган учурунда ал бөгөт коюу талабын тастыктаган жазуу түрүндөгү арызын чет өлкөдөн келээри же мүмкүнчүлүк болоору менен Банкка берет.

5.3. Банкка телефон аркылуу кайрылуу мүмкүн болгон ар кандай талаш жагдайларын талдоо максатында магниттик алып жүрүүчүдө катталып турат.

5.4. Банк Код сөзүн көрсөтүү менен картага бөгөт коюу фактысын белгилесе бөгөт коюу кесепеттерине болгон дооматтарды Банк кабыл албайт.

5.5. Карта ээсинин кошумча жазылган арызынын негизинде Картага бөгөт коюлгандан кийин, Банк Карта ээсинин эсеби боюнча жаңы номерлүү жана жаңы PIN-коддуу жаңы Карта чыгарат.

5.6. Жоголду деп мурда берилген арыздагы Картаны таап алган Карта ээси бул тууралуу Банкка тезинен билдирүүсү жана андан кийин Картаны Банкка кайтарып берүүсү керек. Табылган картаны кайтарып бербеген учурда Карта ээси Картаны кайтарып бербөө менен байланышкан бардык тобокелдерди өзүнө алат жана Картаны кайтарып бербөө менен байланыштуу Банк тарта турган бардык чыгымдарды төлөп берет.

5.7. Карта ээси Картанын сакталышына көңүл кош мамиле кылган же карта ээсинин картасына бөгөт коюлганда дагы PIN-коддун купуялыгын сактабаган учурда, ошондой эле, Карта ээсинин мыйзам талаптарына каршы атайын аракеттери аныкталган учурда Банк Карта ээсине карата жоопкерчилик чараларын көрүүгө укуктуу.

5.8. Банк бөгөт коюлган карталарды уруксатсыз пайдаланууга жол бербөө максатында Карталарды тейлөө пункттары тармагы боюнча бөгөт коюлган карта реквизиттерин жиберүүгө укуктуу.

## 6. Карталардын кармалып калынышы

6.1. Тейлөө ишканаларында же нак акча берүү пункттарында карталар төмөнкү учурларда кармалып калат, эгерде:

- Картага бөгөт коюлса;
- Картаны көрсөтүүчү Карта ээси болуп саналбаган учурда;
- Карта ээси картаны Карта операцияларын жүргүзгөндөн кийин ошол жерге унутуп калганда.

6.2. Картаны кармап калуу банкомат, Тейлөө ишканасынын же нак акча берүү пункттарынын кассири, Банктын кызматкери тарабынан жүргүзүлөт. Карта кармалганда тиешелүү акт түзүлөт (анын банкоматтан кармалгандан башка учурларында).

6.3. Картаны кармап калуу себептери Карта ээси Банкка же жергиликтүү банкка - “ЭЛКАРТ” Улуттук төлөм системасынын мүчөсүнө жазуу жүзүндө же оозеки (телефон аркылуу) кайрылган күндөн кийинки банктык күндөн кечиктирилбестен Банк тарабынан териштирилет.

6.4. Карта ээсинин жазылган арызынын негизинде, кармалып калган картаны Банкка жеткирүү учурунда жергиликтүү банк же Банк тарабынан тиешелүү чечим кабыл алынгандан кийин Кармалып калган Картаны Банк Карта ээсине дароо кайтарып берет.

## 7. Карта боюнча маалымат көчүрмөсүн (выписка) алуу

**7.1.** Карта ээси маалымат көчүрмөсүн (выписка) төмөнкүлөрдөн ала алат:

- Банктын түздөн-түз тейлөөчү (операционист) адисинен;
- банкомат аркылуу чакан **маалымат көчүрмөсүн (выписка)** алуу. Акыркы жүргүзүлгөн 10 операция боюнча маалыматтар көрсөтүлөт.

## 8. Картанын жарактуу мөөнөтү, картаны колдонууну токтотуу, картаны алмаштыруу.

8.1. Картада анын колдонууга жарактуу мөөнөтү (жылы жана айы) көрсөтүлөт. Карта анда көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүнө чейин жарактуу болот. Мөөнөтү өткөн Карталардын бардыгына бөгөт коюлат жана алар Банкка өткөрүлүүгө тийиш.

8.2. Карта ээси Картаны колдонуудан баш тарткан учурда ал тиешелүү арыз менен Банкка кайрылат жана Картаны өткөрүп берет.

8.3. Картанын жарактуу мөөнөтү бүткөн, Карта урунду болгон, PIN-коду билинип калган ж.б. учурда жаңы Картага алмаштырылат. Мурдагы Карта Банкка өткөрүлүп берилет.

8.4. Жарактуу мөөнөтүнүн өтүшү жана Карта ээсинин банктын төлөм картасын колдонууну улантуу каалоосу боюнча Карта ээси картанын жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейинки 5 (беш) банктык күндөн кечиктирбестен, анын жарактуу мөөнөтүнүн аякташы менен картаны кайра чыгаруу арызын жазып Банкка кайрылууга милдеттүү.

## 9. Банктын укуктары жана милдеттери

**9.1. Банктын укуктары:**

9.1.1. Тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор күчүнө киргенге чейинки банктык 10 (он) күн мурда, бул өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Банктын бөлүмдөрүнүн маалыматтык такталарына илүү жана/же Банктын www.rsk.kg корпоративдик сайтына жайгаштыруу аркылуу, булар тууралуу билдирүү менен карта-эсеп боюнча пайыздык схемаларды жана чендерди жана Банктын тейлөө нарктарын бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө;

9.1.2. Системанын фирмалык логотиптери бар бардык жабдууларда карта операцияларын жүргүзүү үчүн Картаны Банк берет, Карта ээси пайдаланууга кабыл алат.

9.1.3. Жаңы шарттар колдонулганга чейинки 10 (он) банктык күн мурда тиешелүү маалыматтарды Банктын маалымат такталарына жана www.rsk.kg корпоративдик сайтына жайгаштыруу аркылуу Кардарга алдын ала билдирүү менен аталган Эрежелерди өзгөртүүгө жана толуктоого.

9.1.4. Кардар аталган Эрежелердин 10.2.16-пунктунда каралган маалыматтарды суралган убагында бербеген, Карта ээси аталган Эрежелердин шарттарын бузган жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган башка учурларда Кардардын карта-эсеби боюнча алдын-ала билдирүү жибербестен операцияларды жүргүзүүнү токтотууга же бир календардык ай ичинде Кардарга билдирүү жиберүү менен Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга жана карта-эсебин жабууга.

9.1.5. Карта операцияларын жүргүзүүдө PIN-кодду туура жазгандыгы факт белгиленген учурда жүргүзүлгөн операциялардан баш тартуу тууралуу Кардардын дооматтарын карап чыгуу үчүн кабыл албоого.

9.1.6. 30 (отуз) календардык күндөн кийинки жүргүзүлгөн карта операциялары боюнча түшкөн дооматтарды карап чыгууга кабыл албоого.

9.1.7. Банк жана/же үчүнчү жак тарабынан контактсыз төлөмдөр үчүн белгиленген лимиттердин чегинде Карта ээси тарабынан жүргүзүлгөн контактсыз операциялар үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

9.1.8. Банк картаны чыгаргандан кийинки 3 (үч) айдын ичинде Картага Кардардын суроо-талабы болбосо Картаны жок кылууга.

9.1.9. Карта ээсинин Карта-эсебинен акцептсиз тартипте төмөндөгүлөрдү чыгарып салууга:

- Операциялардын реестринде көрсөтүлгөн Карта операцияларынын суммасын;

- Карта ээсинин Карта операцияларын жүргүзүү учурунда колдонулуп жаткан Банктын Тарифтерине ылайык эсептелген комиссия суммасын;

- Карта ээсинин Банкка болгон карыздарынын суммасын (туумдары менен кошо);

- Банк тарабынан Карта ээсинин Карта-эсебине жаңылыш чегерилген акча каражаттардын суммасын;

- Карта ээсинин Карта-эсеби боюнча чыгарылган Негизги/Кошумча карталар аркылуу аткарылган операциялары боюнча акча каражаттарынын суммасын;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык документтердин негизинде өндүрүлгөн акча каражаттарды.

9.1.10. Карыздын пайда болуусу тууралуу Карта ээсине билдирилгенден тарта 5 (беш) банктык күн ичинде алар жабылбаган учурда Карта ээсинин карта-эсебинде каражаттар

жетишсиз болгондо Карта ээсинин «РСК Банк» ААК ачылган банктык эсептеринен акча каражаттарды акцептсиз тартипте чыгарып салуугa:

- Карта ээсинин Банкка болгон карыздарынын суммасын (туумдарын кошо);
- Карта ээсинин Карта-эсеби боюнча чыгарылган Негизги/Кошумча карталар аркылуу аткарылган операциялар боюнча акча каражаттарынын суммасын.

9.1.11. Карта-эсебинде акча каражаттары жетишсиз болгондо, ошондой эле, жол берилген техникалык Овердрафт, ал боюнча пайыздар жана Тарифке ылайык сый акылар болбогон учурда аталган Эрежелерден келип чыгуучу чыгашаларды жана төлөмдөрдү төлөө үчүн акча каражаттарын Карта ээсинин "РСК Банк" ААКта ачылган банктык эсептеринен акцептсиз тартипте алып салууга.

9.1.12. Төмөндөгү учурларда кийин жокко чыгаруу максатында картага бөгөт коюуга жана 5 (беш) банктык күн ичинде Карта ээсинен Картаны кайтарууну талап кылууга:

- Техникалык Овердрафт бир нече жолу пайда болгон учурда. Бул учурда Картанын бөгөт коюлушуна алып келген техникалык овердрафттардын мезгилдүүлүгү, саны жана суммасы ар бир конкреттүү учурда Банк тарабынан өз алдынча аныкталат;

- Карта ээси аталган Келишим жана Эрежелер боюнча милдеттенмелерин аткарбаган учурда;

- Келишимди бузуу тууралуу билдирүү Тараптардын биринен келген учурда;

- Карта-эсеби боюнча операцияларды камакка алууга, токтотууга же Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Карта-эсебине башка оорчулукту келтирүүгө.

- Карта ээси Картаны жоготкон, уурдаткан жана/же уруксатсыз пайдалануу болгон учурда Картага бөгөт коюу тууралуу оозеки билдиргенде же арыз жазганда.

9.1.13. Карта-эсебин ачууга Арыз берилгенден кийинки 3 (үч) календардык айдан ашык мөөнөттө Карта ээси Картаны алуу үчүн келбесе, бир календардык айдын ичинде Кардарга билдирүү менен

Картаны жокко чыгаруу аркылуу Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга жана эсепти жабууга.

9.1.14. Негизги Карта жокко чыгарылганда Карта-эсеби боюнча таризделген Кошумча Картаны жокко чыгарууга.

9.1.15. Карта ээсин тейлөөнү төмөнкү учурларда токтото турууга:

- Система менен иштөөдө техникалык бузулуулар пайда болгондо - оңдолгонго чейин;
- программалык камсыздоону алмаштырууга жана профилактикалык иштер жүргүзүүгө.

9.1.16. Карта ээси карыздарды төлөөгө жөндөмсүз болгон учурда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык Карта ээсинин Картасы боюнча Карыздарды төлөтүү тууралуу сотко доо арыз менен кайрылууга.

**9.2. Банк буларга милдеттүү:**

9.2.1. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык, Карта-эсебин жана Картаны тейлөөнү камсыздоого.

9.2.2. Аталган Эрежелердин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, Карта-эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүгө.

9.2.3. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, акча каражаттардын чегерилгендиги тууралуу тастыктоочу тиешелүү түрдө таризделген төлөм документтери Банкка келип түшкөн күндөн кийинки Банктык күндөн кечиктирбестен акча каражаттарын Карта-эсебине чегерүүгө.

9.2.4. Карта-эсеби боюнча Карта ээсинин тиешелүү арызы болгон учурда Карта ээсине жана Карта ээсинин тиешелүү түрдө таризделип берген ишеним катынын негизинде анын ыйгарым укуктуу адамына, талап кылынган мезгилге карата Карта-эсеби боюнча жүргүзүлгөн бардык Карта операциялары чагылдырылган Карта-эсеби боюнча маалымат көчүрмөсүн кагаз түрүндө берүүгө.

9.2.5. Карта ээси картага бөгөт коюга/бөгөттөн чыгарууга Арыз жазган учурда бир банктык күн ичинде Картага бөгөт коюуга/Картаны бөгөттөн чыгарууга.

9.2.6. Карта ээсинин Банкка болгон карыздарын жабуу үчүн мындай Овердрафт түзүлгөн учурдан баштап 10 (он) банктык күндөн кеч

калбай Техникалык Овердрафттын түзүлгөнү тууралуу Карта ээсине кат түрүндө билдирүүгө.

9.2.7. Кардардын арызынын негизинде Карта-эсебин жабууга жана Банкка болгон тиешелүү карыздарды/комиссияларды кармап калгандан кийинки калган акча каражаттын суммасын Арызда көрсөтүлгөн реквизиттерге ылайык которууга же аталган Эрежелерде белгиленген мөөнөттөрдө бардык өз ара эсептешүүлөр бүткөндөн кийин акча каражаттарды нак берүүгө.

9.2.8. Карта ээсинин Банкка карыздары болбогон учурда аталган Эрежелердин 9.2.7-пунктуна ылайык, Картаны жокко чыгаруудан 30 календардык күн өткөндөн кийин Карта ээсине төмөндөбөгөн калдыктын суммасын кайтарып берүүгө.

## 10. Төлөм карта ээсинин укуктары жана милдеттери

**10.1. Карта ээси төмөндөгүлөргө укуктуу:**

10.1.1. Картаны аталган Эрежелердин шарттарына ылайык колдонууга.

10.1.2. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктын ченемдик документтерине жана аталган Эрежелерге каршы келбеген, Карта ээсинин Карта-эсебиндеги акча каражаттардын суммасынын калдыгынын чегинде карта операцияларын жүргүзүүгө.

10.1.3. Карта-эсебин нак акча каражаттар менен толуктоого, ошондой эле, кайсы болбосун юридикалык жактар же жеке адамдар, жеке ишкерлер менен нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүүгө. Авторизациялоо лимитинин чегинде жеке ПИН-кодду буга ыйгарым укуктуу адам тарабынан буйрук берилгендигин тастыктоочу өз кол тамганын аналогун колдонуу менен карта аркылуу акча каражаттарын тескөөгө.

10.1.4. Арыздын негизинде, Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Карта-эсеби боюнча Кошумча карталарды тариздөөгө жана/же жокко чыгарууга.

10.1.5. Аталган Эрежелер жана Келишимдин шарттары менен каралган тартипте Картаны бөгөттөө же бөгөттөн чыгаруу тууралуу арыз менен Банкка кайрылууга.

10.1.6. Карта ээсинде кандайдыр бир нааразычылыктар болсо, бул тууралуу дооматты жүргүзүлгөн Карта операциясынан кийинки 30 (отуз) календардык күн ичинде Банкка жиберүүгө. Мындай болбогон

учурда жүргүзүлгөн Карта операциялары тастыкталган болуп саналат жана Банк Карта ээсинин дооматтарын кабыл албайт.

10.1.7. Аталган Эрежелердин 10.1.6-пункттунда көрсөтүлгөн мөөнөттө арыз берилсе жана Банк талап кылган кошумча маалыматтар 5 (беш) банк күнүндө берилсе, акча каржаттарды калыбына келтиртүүгө укуктуу. Өзүнчө доомат боюнча Банк талап кылган маалыматтар берилбеген/ толук берилбеген/ өз убагында берилбеген учурда Банк дооматтарды карап чыгууну токтотот. Мында дооматтануу жагдайы Банктын пайдасына оң чечилген учурда Карта ээсинин Карта-эсебиндеги акча каражаттар калыбына келтирилет.

10.1.8. Негизги/Кошумча банктык төлөм картасын жоготуп, уурдатып, бузуп жана/же уруксатсыз пайдаланылган, Пин-кодун жоготуп, магниттик сызыгын урунтуп же картанын реквизиттери өзгөргөн учурда аны кайра чыгаруу Арызы менен кайрылууга.

10.1.9. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Система менен бериле турган тейлөө кызматтарды колдонууга.

10.1.10. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык, аталган Кошумча карта ээсине тариздел ген Кошумча картага бөгөт коюу/бөгөттөн чыгаруу ыйгарым укугун Кошумча карта ээсине берүүгө.

10.1.11. Келишимдин колдонуу мөөнөтү болжолдуу аяктаганга чейинки 30 (отуз) календардык күн мурда Банкка Карта-эсебин жабуу тууралуу арыз берүү менен Келишимди бузууга.

**10.2. Карта ээсинин милдеттери:**

10.2.1. Карта-эсебин ачуу жана картаны чыгартуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Банктын ички документтери тарабынан каралган бардык керектүү документтерди Банкка берүүгө.

10.2.2. Келишимдин жана аталган Эрежелердин шарттарын сактоого, ошондой эле, Келишимдин жана аталган Эрежелердин тиешелүү шарттарын Кошумча Карт ээси тарабынан сакталышын камсыздоого.

10.2.3. Пайда болгон карыздарды аталган Эрежелер менен каралган мөөнөттө төлөп берүүгө.

10.2.4. Банктын тейлөөлөрүнө аталган Эрежелердин шарттарына жана Банктын Тарифтерине ылайык акы төлөөгө. Карта операцияларын жүргүзүүдө жүргүзүлгөн транзакциялар үчүн Банктын комиссияларынын суммасын эсепке алууга.

10.2.5. ПИН-код же Карта ээсинин же Кошумча карта ээсинин кол тамгасы менен тастыкталган Картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн Карта операциялары боюнча бардык чыгашаларды (сарптоолорду) толук көлөмдө көтөрүүгө.

10.2.6. Келишимдин жана аталган Эрежелердин шарттарына ылайык, Карта-эсеби боюнча чыгарылган бардык Карталарды колдонгондугу үчүн Банктын алдында толук жоопкерчиликти алууга.

10.2.7. Акча каражаттарды сактоо жана топтоо, ошондой эле, карта боюнча акча каражаттарынын кыймылы жана транзакциялары үчүн карта-эсебин пайдаланууга.

10.2.8. Карта жоголгон, уурдалган же уруксатсыз пайдаланылган учурда, аталган Эрежелерде жана Келишимдерде каралган тартипте Картага бөгөт коюу талабы менен тезинен Банкка оозеки же жазуу түрүндө кайрылууга.

10.2.9. Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык Картага бөгөт коюлгандан кийинки 5 (беш) Банк күнүнөн кеч калбай Стоп-баракка коюу менен Картага бөгөт коюу боюнча чыгашалардын ордун Банкка толтуруп берүүгө.

10.2.10. Келишим бузулган учурда Келишимдин жана аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Келишимди бузуу тууралуу жазуу түрүндөгү билдирүү бир тараптан алынгандан кийинки 5 (беш) банк күнүнөн кечиктирбей Банкка Карта-эсеби боюнча чыгарылган Картаны/ларды өткөрүп берүүгө.

10.2.11. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Карта-эсеби боюнча чыгарылган тиешелүү Картаны/ларды кайтаруу тууралуу Банктан тиешелүү билдирүү жазуу түрүндө келип түшкөндө жана билдирүү алынгандан кийинки 5 (беш) банктык күндүн ичинде Карта операцияларын жүргүзүүнү токтотууга.

10.2.12. Техникалык Овердрафтка жол бербөөгө жана Карта-эсебинин абалына туруктуу көзөмөл жүргүзүүгө.

10.2.13. Картаны үчүнчү жактарга бербөөгө. Картаны Үчүнчү жактардын пайдалануусуна берүүгө болбойт. Аталган шарттардын бузулуусу Банк тарабынан Картанын алынышына, Келишимдин бир тараптуу тартипте бузулушуна жана келтирилген бардык чыгымдардын (чыгашалардын) Банкка кайтарылып берилишине алып келет.

10.2.14. Картанын колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки 10 (он) банк күнүнөн мурда Картаны жаңы мөөнөткө кайра чыгартуу арызы менен Банкка кайрылууга. Карта ээси Картаны кайра чыгартуу арызын бербеген учурда карта автоматтык түрдө жокко чыгарылат жана андан ары кардардын арызы болгондо жаңы Карта чыгарылат.

10.2.15. Операциялардын Реестрине ылайык Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык Карта операциялары үчүн төмөнкү учурларда 30 (отуз) календардык күн ичинде төлөөгө:

- Карта ээси Банктын демилгеси боюнча Картаны жокко чыгаруу тууралуу жазуу түрүндөгү билдирүүнү алган күндөн тарта;

- Картага бөгөт коюлган күндөн тарта Стоп-баракка койбостон Карта ээсинин тиешелүү арызынын негизинде Банк тарабынан Картага бөгөт коюлган учурда.

10.2.16. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички жол-жоболоруна ылайык Банктын талабы боюнча кайсы болбосун суралуучу маалыматтарды жана Кардардын иш-аракетине жана алар тарабынан жүргүзүлгөн банк операцияларына тиешелүү документтерди 5 (беш) күндүн ичинде берүүгө.

10.2.17. Карта ээсинин күнөөсү менен пайда болгон Банктын чыгашаларын жана соттук чыгымдарын, ошондой эле, Картага бөгөт коюу жана/же уурдалган/ жоголгон Картаны алуу менен байланышкан чыгымдардын ордун толук көлөмдө төлөп берүүгө.

10.2.18. Өзүнүн реквизиттеринин (юридикалык дареги (жашаган жеринин дареги), телефон номери, электрондук почтасынын дареги, факсынын номери) өзгөргөндүгү жөнүндө алар өзгөргөн күндөн тартып 10 күндөн кечиктирбестен Банкка жазуу жүзүндө билдирүүгө жана өзүнүн уюштуруу документтеринде, лицензияларында өзгөртүүлөр болгондугу тууралуу он күндүн ичинде Банкка билдирүүгө жана тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн берүүгө.

## 11. Техникалык овердрафт

11.1. Техникалык Овердрафт пайда болгондо Карта ээси аталган Эрежелерде көрсөтүлгөн мөөнөттө, Банктын Тарифтери менен каралган Банктын комиссияларын эсепке алып Банкка Техникалык Овердрафттын толук суммасын төлөөгө милдеттүү;

11.2. Карта-эсебине келип түшүүчү акча каражаттары карыздын жалпы суммасын жабуу үчүн аталган датага карата төмөнкү кезектүүлүк менен Банкка жиберилет:

- Техникалык Овердрафт үчүн комиссия;
- Техникалык Овердрафт;
- Карта ээси же Кошумча Карта ээси төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн Картаны үчүнчү жакка бергенде жана ПИН-кодду айтып салганда;
- Аткарылган Карта операциялары, анын ичинде, үчүнчү жактын Картаны жана анын аналогун же Картанын реквизиттерин пайдалануу менен аткарган операциялары үчүн.

**11.3.** Техникалык Овердрафт пайда болгондугу тууралуу Банк Карта ээсине билдирүү жибергенден кийинки 5 (беш) банктык күн ичинде Техникалык Овердрафт төлөнбөсө, карыз төмөндөбөгөн калдыктын эсебинен жабылат. Төмөндөбөгөн калдыктын эсебинде Техникалык Овердрафтты жабууга акча каражаты жетишпесе, карыздын калган суммасы аталган Эрежелердин 9.1.9- пунктуна ылайык алынып салынат.

## 12. Тараптардын жоопкерчиликтери

12.1. Банк Карта-эсеби боюнча Банк тарабынан жаңылыш жүргүзүлгөн операция үчүн жоопкерчиликтүү болот. Бул учурда Банктын жоопкерчилиги жаңылыш жүргүзүлгөн операцияны артка кайтаруу менен гана чектелет.

12.2. Банк Карта ээсинин операциялары боюнча купуялыкты сактоого жоопкерчиликтүү болот.

12.3. Банк төмөнкү учурларда жоопкерчиликтүү болбойт:

- Картаны тейлөөдө үчүнчү жактын баш тартышы үчүн;
- Картаны пайдалануу менен сатып алынуучу товарлардын жана тейлөөлөрдүн сапаты үчүн;
- Карта ээсинин кызыкчылыктарына таасир этүүчү үчүнчү тарап тарабынан белгелинген Карта боюнча лимиттер, чектөөлөр, жана кошумча сыйлыктар (кызыкчылыктар) үчүн;
- Карта ээсинин/Кошумча Карта ээсинин уурдалган/жоголгон Картага бөгөт коюу/ Стоп-баракка коюу тууралуу талабы менен Банкка өз убагында кайрылбоосунун кесепеттери үчүн;

- Банктан көз каранды болбогон себептерден улам, Картаны пайдалануу менен жасалган операциялар боюнча маалыматтарды кабыл алуу, иргөө жана өткөрүп берүүнү камсыздаган системанын ишиндеги бузулуулар менен байланышкан жагдайлар үчүн;

- Карта ээсинин жана Кошумча Карта ээсинин ортосундагы талаштарды жана пикир келишпестиктерди жөнгө салуу үчүн;

- Карта ээсинин аталган Эрежелердин шарттарын, ошондой эле алардан келип чыккан эрежелерди жана милдеттенмелерди бузуунун кесепетинен пайда болгон чыгым тартуулар үчүн;

- Карта ээси ачык байланыш каналдары, анын ичинде, SMS, e-mail, факс ж.б. аркылуу маалыматтарды берүү тууралуу суроо талап жиберген же ушул байланыш каналдары аркылуу маалыматтарды жиберүү тууралуу көрсөтмө берген учурда Карта ээсине аталган каналдар аркылуу жибериле турган маалыматтардын купуялуулугу үчүн;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык берилген ыйгарым укуктуу органдардын жана кызматтык адамдардын тиешелүү документтеринин негизинде, карта-эсеп боюнча акча каражатты камакка коюу же операцияларды токтотуу учурунда карта-эсеби боюнча транзакцияларды аткаруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу үчүн;

12.4. Карта ээси төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:

- уурдалган/ жоголгон Картага бөгөт коюу тууралуу талабы менен Банкка өз убагында кайрылбагандыгы үчүн;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана аталган Эрежелерге ылайык, Карта-эсебине жаңылыш которулган акча каражаттарды Банкка кайтарып бербеген учурда;

- Картаны ыйгарым укуктуу эмес жактарга бергендиги же алар тарабынан картаны уруксатсыз пайдалангандыгы, карта-эсепти тескөө жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүү үчүн керектүү маалыматтарды (PIN-код, код сөзүн ж.б.) айткандыгы үчүн;

- Карта ээси аткарган карта-эсеп боюнча операциялары үчүн;

- Келишимдин шарттарынын жана аталган Эрежелердин талаптарынын сакталбагандыгынан улам Банкка келтирилген чыгымдар үчүн - Банкка келтирилген чыгымды толук көлөмдө;

- Аталган Эрежелерге ылайык Банкка берилген маалыматтардын толуктугу жана аныктыгы үчүн. Кардар Келишимде камтылган маалыматтардын кайсыл болбосун өзгөрүүлөрү тууралуу тез арада кабарлоого милдеттенет. Туура эмес же толук эмес маалымат берген же маалыматты өз убагында бербеген учурда, ага байланышкан чыгымдарды Кардар толук көлөмдө төлө берет;

- Карта ээсинин күнөөсү боюнча Банк тарабынан келтирилген чыгашалар жана соттук чыгымдар – Банк тарткан чыгымды толук көлөмдө.

12.5. Ар кандай бөөдө кырсыктардан: өрт, сел каптоо, жер титирөө, техникалык бузулуулар, программалык камсыздоонун, электр жабдууларынын, өткөрүп берүү системасынын иштен чыгуусу жана Тараптардан көз каранды болбогон башка учурларда, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары Тараптарга же Тараптардын бирине карата чечимдерди, токтомдорду, буйруктарды, аныктамаларды ж.б. кабыл алып, ага ылайык аталган Эрежелердин милдеттемелерин тиешелүү түрдө, өз мөөнөтүндө аткаруу мүмкүн болбой калган учурда, бул жагдайлардын таасирин азайтуу үчүн аракет көргөн, аталган Эрежелердин шарттарын мүмкүн болушунча толук аткарууга аракет жасаган, аталган Эрежелердин милдеттенмелерин аткарууга тоскоолдук кылган Тараптардын шартында Тараптар өз милдеттемелерин толук же кайсы бир бөлүгүн аткаруу жоопкерчилигинен бошотулат.

12.6. Аталган Эрежелердин 12.5-пунктунда көрсөтүлгөн форс-мажордук жагдай орун алганда мындай жагдайга туш болгон Тарап 10 (он) календардык күндүн ичинде кийинки Тарапка тиешелүү компетенттүү органдар тарабынан берилген тастыктоочу документтердин тиркемелерин тиркеп, жагдай тууралуу маалымдайт.

## 13. Кошумча шарттар

13.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары өзгөртүлгөн учурда, аталган Эрежелердин шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгү боюнча иштей берет, ал эми аталган Эрежелердин Кыргыз Республикасынын колдонудагы мыйзамдарына каршы келген бөлүгү өз ишин токтотот жана Кыргыз

Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдери колдонулат.

13.2. Системанын эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген учурда тараптар аталган Эрежелерди аткарууда киргизилген өзгөртүүлөрдүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгүн эсепке алуу менен Системанын эрежелеринин ченемдерин пайдаланышат.

13.3. Тараптар картаны, PIN-кодду же эсепти пайдаланууга тиешелүү башка каражаттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операцияларды Карта ээси жүргүзгөн операциялар катары таанышат.

13.4. Карта ээси Карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин Картага бөгөт коюу тууралуу талабы менен Банкка оозеки кайрылганда Карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин Банк менен телефон сүйлөшүүлөрүн жазып алууга макул болот. Банк менен Карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин ортосундагы телефон аркылуу сүйлөшүүсүнөн жазылып алынган үн жазуу Карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин Картага бөгөт коюу тууралуу талабы менен Банкка оозеки кайрылуусун тастыктаган факт болуп саналат.

## 14. Талаштарды жөнгө салуу

14.1. Карта ээсине карта операциялары аркылуу акчалардын сарпталышын эсепке алуу жана мүмкүн болгон талаштарды жөнгө салуу үчүн чектерди сактоо сунушталат.

14.2. Карта ээси карта операциялары боюнча акча каражаттарды алуунун туура экендигин тастыктаган документтердин көчүрмөсүн Банктан талап кылууга укуктуу.

14.3. Бардык талаш маселелер боюнча Карта ээси Банкка жазуу түрүндө кайрылат, Банк дооматтарды кабыл алуу учурунда Карта ээсинин атынан “ЭЛКАРТ” Улуттук төлөм системасына маалымдайт.

14.4. “ЭЛКАРТ” улуттук төлөм системасынын Эрежелери менен талаштуу Карта операциясын карап чыгуу боюнча белгелинген мөөнөт – операция жүргүзүлгөндөн кийинки 30 күн. Доомат негиздүү болгон учурда Банк Карта операцияларынын суммасын Карта ээсинин эсебинде калыбына келтирет.

## 15. Доомат коюу тартиби

15.1. Карта Банктын банкоматы тарабынан кармалып алынганда Кардар Банктын кайсыл болбосун филиалына/сактык кассасына өзүнүн аталышын,

Кардардын өкүлүнүн аты-жөнүн, инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтарды, байланыш маалыматтарын, банкоматтын жайгашкан жерин, картанын кармалып калуу убактысын жана күнүн милдеттүү түрдө көрсөтүп, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардарды жана анын өкүлүн идентификациялоочу документтердин көрсөтүлүшү менен тастыкталат жана ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы коюлат. Арыздын каралып чыгуу мөөнөтү 7 (жети) жумуш күн.

15.2. Карта башка Банктын банкоматы тарабынан кармалып алынганда Кардар Банктын кайсы болбосун филиалына/сактык кассасына өзүнүн аталышын, Кардардын өкүлүнүн аты-жөнүн, инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтарды, байланыш маалыматтарын, Банктын аталышын, банкоматтын жайгашкан ордун, картанын кармалып калуу убактысын жана күнүн милдеттүү түрдө көрсөтүп, жагдайды кеңири сүрөттөп жазып, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардарды жана анын өкүлүн идентификациялоочу документтердин көрсөтүлүшү менен тастыкталат жана ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы коюлат. Кардардын арызынын негизинде, Банк Кардардын картасын алган Банк-эквайрерге Банктын ыйгарым укуктуу кызматкери тарабынан картаны алуу үчүн кайрылат. Аткаруу мөөнөтү Банк-эквайрер тарабынан аныкталат.

15.3. Банктын банкоматында акча берилбей калган учурда Кардар Банктын кайсы болбосун филиалына/сактык кассасына өзүнүн аталышын, Кардардын өкүлүнүн аты-жөнүн, инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтарды, байланыш маалыматтарын, банкоматтын жайгашкан ордун, картанын кармалып калуу убактысын жана күнүн милдеттүү түрдө көрсөтүп, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардарды идентификациялоочу документтердин көрсөтүлүшү менен тастыкталат жана ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы коюлат. Бул учурда нак акчаны берүү боюнча операциянын аткарылбай калгандыгы жөнүндө билдирүү менен Банктын банкоматы тарабынан берилген чек арызга кошо тиркелет. Арыздын каралып чыгуу мөөнөтү 7 (жети) жумуш күн.

15.4.Башка Банктын банкоматынан акча каражат берилбей калган учурда Кардар Банктын кайсы болбосун филиалына/сактык кассасына өзүнүн аталышын, Кардардын өкүлүнүн аты-жөнүн, инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтарды, байланыш маалыматтарын, Банктын аталышын, банкоматтын жайгашкан ордун, картанын кармалып калуу убактысын жана күнүн милдеттүү түрдө көрсөтүп, жагдайды кеңири сүрөттөп жазып, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардарды жана анын өкүлүн идентификациялоочу документтердин көрсөтүлүшү менен тастыкталат жана ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы коюлат. Бул учурда нак акчаны берүү боюнча операциянын аткарылбай калгандыгы жөнүндө билдирүү менен Банктын банкоматы тарабынан берилген чек арызга кошо

тиркелет. Кардардын арызынын негизинде, Банк берилбей калган акча каражаттарын кайтаруу мүмкүнчүлүгүн карап көрүү жөнүндө кат менен Банк-эквайерге кайрылат. Аткаруу мөөнөтү Банк-эквайрер тарабынан аныкталат.

15.5. **Аталган Эрежелер «Элкарт Бизнес» улуттук төлөм картасын чыгаруу менен Корпоративдик карта-эсеп келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Карта ээси тарабынан милдеттүү түрдө аткарылат.**